DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Шерматова Ж.Р.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ МЕЗГИЛИНДЕГИ МАМЛЕКЕТТИК СИСТЕМАСЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

*Шерматова Ж.Р.*

# ИЗМЕНЕНИЯ В ГОСУДАРСТВЕННОЙ СИСТЕМЕ КЫРГЫЗСТАНА В ГОДЫ ВЕЛИКОЙ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ВОЙНЫ

*J.R. Shermatova*

# CHANGES IN THE STATE SYSTEM OF KYRGYZSTAN DURING THE GREAT PATRIOTIC WAR

*УДК: 9.93*

*Берилген макалада Кыргызстандын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги саясий тарыхы, мамлекеттик башкаруу бийлик органдарынын функцияларындагы өзгөрүүлөр, 1941-1945-жылдардагы Кыргызстанда укуктун өнүгүшүнүн негизги тенденциялары. Элдик чарбаны башкарууну борборлоштуруу; Аткаруу органдарынын ролун өстүрүү; Өкүлдүү органдардын ишмердүүлүгүн кыскартуу. Мамлекеттик турмушка зарыл маселелерин чечүү үчүн жана душмандын үстүнөн жеңишке жетишүү үчүн бийликти бир колго топтоо зарыл эле. Мындай орган катары Мамлекеттик Коргонуу Комитети (ГКО) болуп калган. Анын башында төрага болуп Сталин турган. Ага аскер, чарба ж.б. бүт мамлекеттик тармактар баш ийген. МКК ишин КП БК багыттап турган. МКК органдары башкаруу жана бийликтин конституциялык органдары (ЭКС, Жогорку Кеңеш, Жогорку Кеңештин Президиуму) менен бирдикте иш алып барышкан. Жогорку башкаруунун ставкасы түзүлгөн. Ал өзүнүн ишмердүүлүгүндө фронттун жана армиянын аскер кеңештерине таянган. Кыргыз ССРинде ЭКС жана Жогорку Кеңеш иштеп турган. Бирок согуш мезгилинде Жогорку Кеңеш болгону эки жолу гана чогулган.*

***Негизги сөздөр:** саясат, тарых, мамлекеттик башкаруу, бийлик мекемелер, укук, мыйзам, комитет, коргоо.*

*В данной статье дается политическая история Кыргызстана в период Великой Отечественной войны, функциональные изменения в органах государственного управления, основные тенденции развития права в Кыргызстане в 1941-1945 годах. Были рассмотрен круг вопросов: централизация народного хозяйства, повышение роли исполнительной власти, сокращение деятельности представителей исполнительной власти. Необходимо было сосредоточить власть в одних руках, чтобы решить проблемы государственной жизни и победить врага. Одним из таких органов был Государственный комитет обороны (ГКО). Его возглавил Сталин. Все госструктуры были в подчинении ГКО: армия, народное хозяйство, работой МЗС руководил ЦК КПСС. СГД работала совместно с конституционными руководящими и руководящими органами (ИС, Жогорку Кенеш, Президиум Жогорку Кенеша). Ставка Высшего руководства была сформирована. Он полагался на военные советы фронта и армию. В Киргизской ССР существовали ЭКС и Жогорку Кенеш. Однако во время войны Жогорку Кенеш собирался только дважды.*

***Ключевые слова:** политика, история, государственное управление, органы власти, право, закон, комитет, оборона.*

*This article provides the political history of Kyrgyzstan during the Great Patriotic War, functional changes in government bodies, the main trends in the development of law in Kyrgyzstan in 1941-1945. A range of issues were considered: centralization of the national economy, increasing the role of the executive branch, reducing the activities of representatives of the executive branch. It was necessary to concentrate power in one hand in order to solve the problems of state life and defeat the enemy. One of these bodies was the State Defense Committee (GKO). It was headed by Stalin. All state structures were subordinate to the GKO: the army, the national economy, the work of the MZS was directed by the Central Committee of the CPSU. SRS worked together with constitutional governing and governing bodies (IS, Jogorku Kenesh, Presidium of the Jogorku Kenesh). The headquarters of the Senior Management was formed. He relied on the military advice of the front and the army. EKS and Jogorku Kenesh existed in the Kirghiz SSR. However, during the war, the Jogorku Kenesh met only twice.*

***Key words:** politics, history, government, statehood, law, right, committee, defense.*

1941-жылдын июнь айында Фашисттик Германия СССРге кол салган. Бул мезгилде Германия Европанын көптөгөн мамлекеттеринде Польшада, Чехославакияда, Бельгия, Франция ж.б. өзүнүн бийлигин орноткон. Согуштун биринчи күндөрүндө эле СССРдин БК КП жана Совнаркомдору бүт өнөр жай ишканаларды согуштук керектөөлөргө жумшап, курал жарактарды, танкаларды, самолетторду чыгарууга багыттаган.

Мамлекеттин алдында көптөгөн зарыл маселелер турган:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1. Жалпы элдик чарбаны, мамлекеттик аппараты, партиялык уюмдарды аскердик түзүлүшкө кайра куруу;
2. Өнөр жайларды чыгышка эвакуациялоо жана аны тез арада жумушка салуу;
3. Поволжьяда, Уралда, Батыш Сибирде, Казакстан жана Орто Азияда негизги аскер-өнөр жай базаларын түзүү;
4. Тездик менен аскер техникасын, куралданууну, курал запастарын, металлды, көмүрдү, электоэнергиясын өндүрүү.

Согуш мезгилинде СССРдин мамлекеттик өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары:

- Элдик чарбаны башкарууну борборлоштуруу;
- Аткаруу органдарынын ролун өстүрүү;
- Өкүлдүү органдардын ишмердүүлүгүн кыскартуу.

Мамлекеттик турмушка зарыл маселелерин чечүү үчүн жана душмандардын үстүнөн жеңишке жетишүү үчүн бийликти бир колго топтоо зарыл эле. Мындай орган катары *Мамлекеттик Коргонуу Комитети (ГКО)* болуп калган. Анын башында төрага болуп Сталин турган. Ага аскер, чарба ж.б. бүт мамлекеттик тармактар баш ийген. *МКК* ишин КП БК багыттап турган. МКК органдары башкаруу жана бийликтин конституциялык органдары (ЭКС, Жогорку Кеңеш, Жогорку Кеңештин Президиуму) менен бирдикте иш алып барышкан. Жогорку башкаруунун ставкасы түзүлгөн. Ал өзүнүн ишмердүүлүгүндө фронттун жана армиянын аскер кеңештерине таянган. Ставканын курамына КП БК Политбюросунун жана коргонуу Наркоматынын өкүлдөрү кирген. Кыргыз ССРинде ЭКС жана Жогорку Кеңеш иштеп турган. Бирок согуш мезгилинде Жогорку Кеңеш болгону эки жолу гана чогулган. 1943-жылы март айында алтынчы сессияда Совет өкмөтүнүн аскер кызматын өтөгөндөрдүн үй-бүлөсүнө жардам көрсөтүү чаралары каралган. Жогорку Кеңештин жетинчи сессиясы «Кыргыз ССРинин чет элдик иштер боюнча союздук-республикалык Элдик Комиссариаттын түзүү» жана «Кыргыз ССРинин союздук-республикалык Коргонуу Элдик Комиссариатын түзүү жөнүндөгү мыйзамын» карап кеткен. Бирок экинчи мыйзам ишке ашкан эмес, анткени анын зарылдыгы да жок болгон. Республиканын Жогорку Кеңешинин Президиуму тарабынан көптөгөн иштер жүргүзүлгөн. Согуш мезгилинде бир нече райондор: Фрунзе областынын курамында Панфилов жана Ивановский, Ысык-Көл областынын курамында Талды-Суу жана Ново-вознесенский, Ош областынын курамында Мырза-Аки райондору түзүлгөн. Ошондой эле, Талас областы түзүлгөн. Согуш мезгилинде Эл чарбасын жана коргонуу иштерин башкаруу республиканын Эл Комиссарлар Кеңешине жүктөлгөн. Анын аткаруу жана көзөмөлдөө функциясы кеңейип, МКК жана СССРдин ЭКС токтомдорун ишке ашырууну көзөмөлдөөгө алган.

Кыргыз ССРинин мамлекеттик органдары - ЭКС, наркоматтар, исполкомдор бүт өзүнүн ишмердүүлүгүн фронтко керектүү өнөр жай жана азык-түлүк продуктылар менен камсыз кылууга жумшаган. Ошондой эле, эвакуацияланып келген ишканаларды кыска убакыт ичинде ишке салуунунун чараларын көрүшкөн. Алардын ишмердүүлүгү оор шарттарда өткөн, анткени кадр жана адам ресурстары жетишпеген.

1941-1945-жж. Кыргызстандын укугунун өнүгүшүнүн негизги тенденциялары.

Укук системасы согушка чейинки негиздерди сактаган. Бирок өзгөчө атайын аскердик органдардын, институттардын, аскер мамилелердин түзүлүшү укук системасына өз таасирин тийгизген. Келишим мамилелери кыскарган, борборлоштуруу тенденциясы күч алган, жарандык-укуктук усулдар чарбалык-укуктук жана административдик укуктарга жол берген.

***Жарандык укук.*** Согуш абалы жаңылануулары киргизген. Анын негизги максаты болуп, чарбалык тартипти каттуу сактоо жана ошону менен бирдикте жеңишке жетүү үчүн армиянын керектөөсүн камсыз кылуу болуп эсептелген. Келишим мамилелери кыскарып, мүлктүк фонддор түзүлгөн. Пландуу маселелер милдеттүү түрдө келишимсиз аткарылган. Келишимсиз камсыз кылуу чөйрөсү кеңейтилип, металл, нефть, таш-көмүр менен камсыз кылуу өскөн. Көптөгөн ишканалар мыйзам боюнча келишим түзүүгө зарыл болгон учурларда да келишимсиз камсыз кылууну уланткан. Милдеттүүлүктөрдүн өсүшүнө карата административдик актылардын таасири күчөгөн.

Элөө укугу чоң рол ойногон: каралбаган ишканалардын жана анын карамагындагы мүлктөрдү ээлеп, сатып алуу, сатуу, мүлктөрдү бир мамлекеттик органдан экинчи мамлекеттик органга өткөзүп берүү менен алмашылган. Социалисттик менчикти сактоого чоң маани берилген. Мисалы: каракчылыкка, уурдоого, товарларды жок кылып койгонго карата материалдык жоопкерчилик жана кылмыш-жаза жоопкерчилиги каттуу тартиптер менен киргизилген. Эгер азык-түлүк продуктылар жетишпесе, анда айыпталуучу базар баасында төлөп берүүгө, ал эми өнөр-жай товары уурдалса, анда беш эсе жогору кылып коммерциялык баасын төлөп берүүгө милдеттүү болгон.

Мурас укугунда көптөгөн өзгөрүүлөр киргизилген:

Мыйзам боюнча мураскорлордун саны өсүп, катарына ата-энелери, агалары, эжелери кирген;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Мурастоочулардын тартиби киргизилген. Биринчи иретте балдар (алардын ичинде багып алгандар да), күйөөсү жана эмгектенүүгө жараксыз ата-энелери, алар жок болсо анда ага, эжелери эсептелген.

***Жер-суу укугу***. Согуш жылдарында жерди, суу ресурстарын туура пайдаланууга багытталган жаңы мыйзамдар чыккан. 1941-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРинин Совнаркому «колхоз мирабдары жөнүндө жобо» бекиткен. Жалпы чогулушта сугат ишин жакшы билген адамды колхоз мирабы катары шайлашкан. Мираб төмөнкү функцияларды ишке ашырган: колхоздун суу чарбасын жетектөө; суу каналдарын жана суу курулуштарын курууга катышуу, колхоз ичиндеги бүт каналдардын жана көпүрөлөрдүн ремонтуна жооп берген; сугат ишинин колхоздо жүргүзүлүшүн көзөмөлдөгөн.

1942-жылы 24-январда Кыргыз ССРинин Совнаркому «Айыл чарбасында сууну колдонуунун жана Кыргыз ССРинин ирригациялык-мелиоративдик фонддорунун өнүгүшү жана корголуусу» тууралуу жобону бекиткен. Бул жобого ылайык кылмыш болуп төмөндөгүлөр эсептелген:

1. Жерди айдоо үчүн уруксатсыз сууну ээлеп алуу;
2. Белгиленбеген жерге сууну буруу жана өзү каалагандай жаңы каналдарды чыгаруу;
3. Каналдарды бузуу жана уруксатсыз каналдарды ачуу же жабуу;
4. Гидротехникалык курулуштарга доо келтирүү жана анын натыйжасында дамбалардын, плотиналардын иштен чыгуусу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылган.

***Колхоз укугу***. Өлкөнү жана армияны керектүү азык-түлүк продуктылар менен камсыз кылуу үчүн 1942-жылы 13-апрелде айыл иштерин күчөтүү тууралуу СССРдин ЭКС жана КП БКнын токтому кабыл алынган. Ал боюнча айылдардагы 12 жаштан 16 жашка чейинки өспүрүмдөр жумушка тартылышкан.

***Кылмыш-жаза укугу***. Согуш мезгилинде кылмыш-жаза укугунда көптөгөн өзгөрүүлөр пайда болгон. Кылмыш-жаза укугу согуш мезгилиндеги тартипти сактоого жана милдеттүү түрдө мамлекеттик кызыкчылыктар үчүн иштөөгө багытталган. Кылмыштын жаңы составдары пайда болгон. Мисалы: өзү каалаганда жумуштан кетип калуу (1941-ж. декабрь), аскер каттоосунан баш тартуу (1942-ж. январь), трофейлик куралды тапшырбагандык (1942-ж. январь) ж.б. үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги берилген. Алып-сатарлык жана сарптоо жөнүндөгү түшүнүк кеңейтилген.

1941-жылы 22-июнда СССРдин Жогорку Кеңешинин Президиуму «аскер абалын киргизүү» туралуу указ кабыл алган. Анын негизинде темир жолдордо жана суу транспортторунда аскердик абал киргизилген. Бул тармактардын кызматкерлери аскер кызматкерлери сыяктуу эле өз ишин аткарбагандык, кылмыштар үчүн каттуу жоопкерчиликке тартылышкан. Ошондой эле, коргонууга каршы, коомдук тартипти жана мамлекеттик коопсуздукка каршы багытталган иштер аскер трибуналы тарабынан каралган. 1941-ж. июлда СССРдин Жогорку Кеңешинин Президиуму «согуш мезгилинде жалган ушактарды таркаткандарга карата жоопкерчиликтер жөнүндө» указ кабыл алган. Ушактарды таркатуу антисоветтик саясат катары бааланып, эки жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратуу чарасы каралган.

1942-жылы алып сатарлык (спекуляция) кылмышынын составы кеңейтилген. Ага чоң көлөмдө махорка жана самагон сатуу киргизилген. 1942-жылы жеке мүлктү оор шарттарда (абадан кол салууда, душмандын кол салуусунда) урдоо бандитизм менен теңтештирилген.

Социалисттик менчиктерге карата жасалган каракчылыктарга чоң маани берилген. Эгер азык-түлүк продуктыларды, карточкаларды, өнөр-жай товарларды уурдаса каттуу чаралар колдонулган. 1943-жылы күйүүчү майларды уурдагандык үчүн жоопкерчилик жөнүндө указ чыккан. Бул кылмыштар үчүн 10 жылга эркинен ажыратуудан өлүм жазасына чейинки чаралар берилген. Мамлекеттик сырларды камтыган документтерди жоготууга 5 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратуу чаралары каралган. 1943-жылы атайын субъектерге (фашисттик туткундар ж.б.) асуу менен өлүм жазасын же катордук иштерге жиберүү жөнүндө кылмыш-жаза укугу киргизилген.

**Адабияттар:**


1. Кыргызстан Республикасынын суверенитети жөнүндөгү Декларациясы. - Б.,1990.
2. Кыргызстандагы жарандык кыймыл. - М., 1991.
3. Чотонов У. Суверендүү Кыргызстан: тарыхый жолду тандоо. - Б.,1995.
4. Чиналиев У.К. Кыргызстандагы саясий партиялар. - Б., 1999.
5. Плоских В.М. Политическая история Кыргызстана. - Б., 2000.
6. Чиналиев У. Становление кыргызской государственности в переходной период. - М., 2000.
7. Проблемы политогенеза кыргызской государственности. Документы. Исследования. Материалы. - Б., 2003.
8. Борубашов Б.И., Галиева З.И. История государства и права Кыргызской Республики. - Б., 2003.